**«Бекитемин»**
Кыргыз Республикасынын Президентинин
Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн
биринчи орун басары
_________________________К.Г. Айтибаев
«__24__»______08______________2024-жыл

**Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык, (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердиктин натыйжаларын өндүрүшкө киргизүү актысы**

**1.Өндүрүшкө киргизүүчү автор:** Матикеев Талантбек Курманалиевич

**2.Илимий изилдөөлөрдүн, илимий-техникалык жана (же) илимий жана (же) илимий-техникалык ишмердиктин аталышы:** ар бир сектордун өздөрүнө гана мүнөздүү болгон негизги чарбачылык тармактары бар, ошондуктан алардын келечектеги өнүгүү багыттары ар башка. Келечекте секторлордун аймактарында бакчылык жана дыйканчылык күчтүү өнүгүп, мал чарбасын өстүрүү кыйынчылыкка алып келгендиктен, малдан алынган продукциялардын баасынын азыркыга салыштырганда кескин өсүшү күтүлөт.

**3.Кыскача аннотация:** келечекте малдын башына эмес, сапатына көңүл бурулат. Жайыт өзөктүк маселеге айланып, мал чарбасынан алынган азыктар азыркыга салыштырганда бир нече эсеге өсөт. Бул процесс антропогендик фактордун өсүшү менен коштолуп, антропогендик кысымдын астында мал чарбасы бийик тоо арасындагы өрөөндөргө сүрүлүп, миграциялык агым түздүктөн тоого карай жүрөт.

**4.Өндүрүшкө киргизүүнүн эффектнси:** изилденип жаткан аймактарга салыштыруу аркылуу, айыл- чарбасынын түрдүү денгээлде, ар башка багытта онүгүүсүнө географиялык абалы, жайгашкан орду, автомобиль жана темир жол түйүндөрүнө жакын, же алыс жайгашышы, ири шаарларга алыс же жакын болушу, жерлеринин айдоого, же жайытка ыңгайлуу болушу, сугат системасынын жеткиликтүү же жеткиликсиз болушу чон таасирин тийгизет. Калкы жыш жайгашканаймактарда айыл-чарбасынын өзөгүн дыйканчылык (айрыкча жашылча өстүрүү), багбанчылык түзөт. Тоют даярдоого жана жайытка ыңгайлуу болгон аймактарда мал чарбасы, жайытка гана ынгайлуу болгон аймактарда топоз, кой, жылкы жана эчки өстүрүү колго алынган жана келечектеги аймактын өнүгүшүндө негизги багыт болуп калат. Теңир-Тоонун аймагында табигый кооз жерлер көп болгондуктан, туризмдин бардык тармактарын жана альпинизмди өнүктүрүүгө негиз бар жана келечекте тандап алган багыттар боюнча өнүгүшөт. Ал айырмачылыктар секторлордун өнүгүүсүндө негизги багыт болуп, келечекте алардын экономикасын өнүктүрүүгө илимий прогноз катары изилденбеген түштүк аймактарда колдонулса болот.

**5. Өндүрүшкө киргизилген жери жана мезгили:** Теңир-Тоонун аймагы таасир эткен негизги факторлордун өзгөчөлүгүнө карап секторлорго (Чаткал- Талас, Чүй-Кемин, Ысык-Көл, Ак-Сай-Сары-Жаз-Арпа, Ички Теңир-

Тоо) жана подсекторлорго (Чаткал, Талас, Чүй, Кемин, Ысык-Көл, Кочкор, Аксай- Чатыр-Көл-Арпа, Суусамыр, Ортонку - Нарын, Кетмен-Төбе-Тогуз-Торо) 2015-2023-жылдар.

**6. Өндүрүшкө киргизүүнүн формасы:**

- Мал чарбасын, анын ичинен топоз өстүрүүнү көбөйтүү, СССРдин таркашы менен кыйроого учураган мал чарбасын калыбына келтирүү.
- Тоют өсүмдүктөрүнүн аянтын кеңейтүү менен ири мүйүздүү малдардын, кой-эчкилердин санын эмес сапатын көтөрүп, жер-жемиш өстүрүүнү колго алып, элдин картошкага, мөмө-жемишке болгон талабын аткарып, товарларды сырткы рынокко алып чыгуу.
- Жаңы жерлердин өздөштүрүлүшү тоют эгилүүчү аянттар менен табигый жайыттардын аянттарынын кыскарышына алып келип, мал чарбасынын өнүгүшүн акырындатып, дыйканчылыктын өнүгүүсүнө багыт алынат.
- Антропогендик фактордун натыйжасында кыскарган табигый аянттардын ордун жер-жемиш, кызылча, бакча жана дан өсүмдүктөрү ээлеп, этке жана сүткө болгон талап күчөп, мал чарбасынан алынган продукциялар азыркыга салыштырмалуу 3-4 эсеге өсот.

Кургак талаа тибиндеги жайыттардын басымдуу болушу келечекте төө чарбасы менен тыбыт берүүчү ангор эчкисин өстүрүүгө багыт берет. Себеби, ангор эчкиси менен төө сууну аз талап кыла турган жаныбарлар, алар жыл бою талаада кармалат. Республикадагы жайыт, айыл жана мал чарбасынан алынган продукциялардын баасы азыркыга салыштырмалуу кескин жогорлоосунун коопсуздук масселесин чечүүдө теориялык жана практикалык маалымат базалары кеңейди.

**Иштелмени өндүрүшкө киргизген мекеменин өкүлү**
Айыл чарба, жер ресурстары
жана инфраструктуралык
өнүктүрүү бөлүмүнүн башчысы: Н.А.Токонбаев

**Өндүрүшкө киргизилүүчү иштелме аткарылган мекеменин өкүлү**
Экономикалык талдоо жана
инвестицияларды тартуу
бөлүмүнүн жетектөөчү адиси: Алимбек у Д.

Н.А.Токонбаевдин, Алимбек у.Д. колдорун тастыктайм

ОшМУнун Табият таануу,
дене тарбия, туризм жана агрардык
технологиялар институтунун
физикалык география, Кыргызстандын
географиясы жана табият таануу
концепциясы кафедрасынын башчысы, г.и.к., доцент: З.Э.Шербаева

Ош МУ
Тастыктаймын
20*24* ж. « *24* » *06*
Кадрлар бөлүмүнүн
башчысы Турдубаева Г.